УДК: 808.068

Кенешбекова А.А.

*Кыргыз-Тщрк Манас университети*

# КЫРГЫЗ-ТҮРК БАЛДАР АДАБИЯТЫНЫН КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИНЕ САРЕСЕП

*В данной статье рассмотрены проблемы кыргызско-турецкой детской литературы, которые являются неотъемлемой частью литературы. В данное время целью детской литературы должно быть оживление и развитие по всем жанрам и направлениям. Как известно, роль детской литературы в воспитании детей огромна.*

Макаланы баштаардан мурда кыргыз-түрк балдар адабиятынын тарыхы жөнүндө азын-оолак кеп сала кетүүнү эп көрүп отурам.

Кыргыз балдар адабиятынын чыйырын салган, балдар адабиятынын жаралуусуна, телчигүүсүнө, калыптануусуна, өнүгүүсүнө зор салым кошкон, кыргыз балдар адабиятынын фундаментин түптөгөн, кыргызга аттын кашкасындай таанымал акын-жазуучуларыбыз А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, К.Эсенкожоев, Т.Үмөталиев, М.Жангазиев, Ш.Бейшеналиев жана башкаларды, кийинки доордо балдар үчүн эбегейсиз эмгектерди жараткан С.Рысбаевди, А.Муратовду биле алабыз.

Андан сырткары, илимий багыттагы эмгектерди, доктордук диссертацияларды жактаган, балдар адабиятын изилдеген окумуштуу, “Балдар адабиятынын тарыхы” аттуу илимий эмгектин автору, балдар адабиятынын изилдөөнү белсенген жана изилдөөчүлөргө жол көрсөткөн – Мурза Сулаймановду айта кетпесек болбос.

Кыргыз балдар адабияты өз агасынын жамаатында – улуттук көркөм сөз өнөрүнүн тутумунда, анын салты менен наркын эреже тутуп, ошонун урук тамырынан өнүм алып, жаралып чыкты. Кыргыз балдар адабиятынын түп жараткычы кыргыз фольклору болду[1].

Кыргыз балдар адабияты Октябрь революциясы жеңгенден кийин түптөлүп, 20-жылдардын экинчи жарымынан баштап, элдик оозеки чыгармачылыктын бирден бир өзөгү болгон жөө жомоктордун мотиви менен башталды. 30-жылдарда кыргыз балдар адабияты котормолорго байыды. Чыгармалар жанрга, түргө бөлүнүп, балдардын курактарына жараша даректелүү процесси жүрдү. Бирок бул учурда улуттук акын, жазуучуларыбыздын саны аз, билими чектүү болгондугуна байланыштуу, чыгарманын идеялык-тематикалык мааниси чектүү болуп туруп алды.

Кыргыз балдар адабиятынын жазуучулары орус акыны В.В. Маяковскийди тууроо аракетинде болуп, бирок ал жазуучунун эмгегиндей улуттук нарк бере албай убара тартса да, изденүүдөн, ар тараптуулукка умтулуудан баш тарткан жок.

Буга далил катары, кыргыз жазуучубуз Кусеин Эсенкожоевдин кыргыз балдар адабиятына киргизген жаңылыгы болгон “Үчүнчү шар” фантастикалык чыгармасын алсак болот. Жазуучунун калеми жаш болгондугунан улам, чыгармада айрым кемчиликтер да орун албай койгон эмес, бирок балдар адабиятына жаңы нук катары илимий-фантастикалык жанрды биринчилерден болуп киргизип, балдардын оюн жаңы багытка бура алгандыгы анык.

Эми согуш жылдарынан кийинки кыргыз балдар адабиятына көз чаптырсак, ал учурда балдар адабиятында көзгө басар роман тартуулаган кыргыздын алп жазуучусу Т.Сыдыкбеков эсибизге келет. Бул чыгарманы жазуучу Москва шаарындагы балдар басмаканасынын талабын орундатуу, балдарды билим алууга үгүттөө максатында жазган. Алп жазуучубуздан сырткары балдар үчүн көптөгөн чыгармаларын тартуулаган кыргыз жазуучусу Касымбек Эшмамбетов “Ашым менен Саткын”, “Жаратылыш сырлары”,

[1]Мырза Сулайманов. Балдар адабиятынын тарыхы. – Ош, 1992.

"Бүркүттөр" аттуу чыгармаларын жарыкка чыгарган.

Совет доору таркагандан кийин кыргыз балдар адабиятынын солгундоого учураганы бардыгызга маалым. Солгундоонун бирден бир себеби болуп, адабий сындын жоголуусу, материалдык жетишсиздик ж.б. көптөгөн маселелер эсептелди. Ал ортодо 20-жылдын жүзү өтүп, кыргыз балдар адабияты көйгөйлүү маселелер менен чулганып калды.

Акыркы мезгилде кыргыз балдар адабиятынын негизги принциптери болгон тарбиялык мааниси бар, Мекенди сүйүү сезимин ойготкон, эмгекке үндөгөн, баланын көңүлүн өзүнө бурдура турган, баланы китеп окуу адатына көндүрө турган, визуалдык жактан көзгө жагымдуу, кооз сүрөттөргө жык толгон жана сапаттуу балдар китебин көрүү кыйынга туруп калды.

Ошондой болсо да, кыргыз балдар адабиятынын уучу караманча куру эмес экендигин айткым келет. Буга далил илимпоз, тилчи, публицист, ар тараптуу мээнеткеч, жомок жазуунун устаты, кыргыз элинин ар бир жаранына "А" деген арипти үйрөтүүчү "Алиппе" окуу китебинин автору Сулайман Рысбаев агабыздын бар экендиги сүйүндүрөт.

Кыргыз балдар адабиятынын калемгерлерине колдоо аз көрсөтүлсө да, сыйлыкка арзыган Салижан Жигитовдун А.С.Пушкиндин "Алтын балык жөнүндө", Абдыкерим Муратовдун түрк элдер жомогу "Чоң энемдин алтын сандыгы" аттуу балдар үчүн котормолору басылып чыкты.

Кыргыз балдар адабиятынын балдар арасында тез арада кеңири жайылуу жана жаш окурмандарды өзүнө тартуу мүмкүнчүлүгүнө ээ, балалыгыбызды эске салган "Байчечекей" "Кырчын" сыяктуу журналдардын басылып чыкпай калуусу абдан өкүндүрөт. Кезегинде "Байчечекей" журналын балдар гана эмес, мектепке чейинки билим берүү мекемелери, башталгыч класстын мугалимдериокуу куралдары катары колдонуп келгендери бардыгыбызга маалым.

В.Г.Белинскийдин "Хорошая детская книга для детей – это праздник" дегендей, балдарга арналган ар кыл темада, маселен табигат менен таттуу мамиледе болуу, жашылдандыруу, айлана чөйрөнүн тазалыгына кам көрүү, баланын инсандык сапаттарын жогорулатуу: кичи пейилдик, адамкерчиликтүүлүк, ата-энеге, улууларга сый- урмат көрсөтүү, ак менен караны ажырата билүү, эмгекке үйрөтүү, балдарга бүгүнкү бейкут турмушту тартуулаган согуш ардагерлеринин эрдиктерин баяндоо, алардын бейнелерин ачып берүү, балага өздүк гигиенаны сактоого үйрөтүү максатында жазылган китептер жарыкка байма-бай басылып чыкса, балдарга эң кымбат белек болот эле.

Азыркы технологиянын өнүгүп турган маалында, балдардын китепке болгон кызыгуусун арттыруунун бир жолу - чыгармаларды балдар интернет барактарынан окуй алуу мүмкүнчүлүгүн түзүү, балдарга арналган сайттарды жаратуу, балдарга арналган телеберүүлөрдү, радиоуктурууларды көбөйтүү. Биз үчүн балдардын өзүнүн жаш курагына ылайык, келечегине туура таасир тийгизе турган чыгарманы окуп, көрүп, угуп алуусу маанилүү.

Эми түрк балдар адабиятынын тарыхый таржымалы жөнүндө бир аз кеп козгосок, түрк балдар адабияты 1839-жылы Танзимат доорунун орноосунан башталат. Ага чейин оозеки чыгармачылыкта жөө жомоктор, табышмактар, макал-лакаптар, Насредин апендинин жоруктары аркылуу балдарга тарбия-таалим берилип келген.

Танзимат доорунун балдар үчүн жазган чыгармалары менен Шинаси, Режаизаде Экрем, Зия Паша, Ахмет Митхат сыяктуу жазуучулар тарыхка жазылган. Танзимат доорунан 1940-жылына чейин балдар үчүн китептер көп басылып чыккан эмес. 1950-жылдан кийин түрк балдар адабияты жанданып, мектептерде, китепканаларда балдар китептери жумалыктары, көргөзмөлөрү уюштурула баштаган. Ушул жылы Эфлатун Жем Гүней аттуу балдар жазуучусу "Ачыл, дасторкон, ачыл", "Деде Коркут жомоктору" аттуу

чыгармаларды балдар аудиториясына тартуулап, сыйлык алганга жетишкен[2].

1970-жылдары түрк балдар адабиятында негизги кесиби мугалим болгон, чет өлкөдө жашап, иштеген Йүжел Фейзиоглу аттуу жазуучу балдар үчүн китептердин сериясын жарыялаган. 1970-жылдары балдар үчүн тарбиялык мааниси терең, улууну урматтап, кичүүнү ызаттоого үндөгөн бир катар түрк жазуучулары эмгек жаратышкан. Алар: Гулчин Алпөге, Аббас Жылга, Фатих Эрдоган ж.б.

Акыркы жылдарда түрк балдар адабияты өнүгүү үстүндө болгону менен айрым маселелерге туш болуп келет. Булар төмөнкү маселелер: эң негизги маселе катары жеңил-желпиликке алдырып, жазуучуларга автордук акы – гонорар төлөөдөн качуу амалында батыштын даяр материалдарын сапатсыз которуп, басып чыгаруу, балдардын көңүлүн бурдурууучу, түстүү сүрөттүү жомок китептердин азайышы, китеп мукабаларынын, барактарынын сапаттарынын жоктугу сыяктуу техникалык кемчиликтер.

Мындай маселелерди чечүү жолу менен биздин эртеңки келечегибиз болгон балдардын китепке болгон сүйүүсүн ойготуп, Мекенди сүйүүнү, таалим–тарбияны, жомок, аңгеме, ырлар жана атайын балдарга арналган повесть, романдар аркылуу жаман менен жакшыны айыра билүүнү, китеп окуу маданиятын камсыз кыла алат элек.

Балдарга арналган китеп балдардын аң сезимин, дүйнө таануусун өнүктүрүү менен бирге алардын тилдик, психологиялык жана моралдык жактан өнүгүүлөрүнө түздөн-түз таасир тийгизет. Бала китеп аркылуу ой жүгүртүүгө жана чечим чыгаруу жөндөмдүүлүнө ээ болот, жаратылышка, чөйрөдөгү болуп жаткан нерселерге, жандуу, жансыз кубулушка көңүл бурат.

Эгер 2 жаштан 12 жашка чейинки балдарга арналган китептерде түстүү сүрөттөр, көргөзмө символдор басымдуулук кылса, балага жомоктун, аңгеменин же ырдын маанисин түшүнүү оңой жана туура болуп, эске тутумун жакшыртат, китеп окууга болгон кызыгуусу артат.

Учурда түрк балдар адабиятында төмөнкү критерийлердин алкагында чыгармалар жазылууда:

- мекенди сүйүү;
- улуттук нарк-насилди баалай билүү;
- балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша турмуш чындыгын чагылдыруу;
- балдарды активдүүлүккө, оптимисттикке үндөө ж.б.

Балдар адабиятындагы көйгөйдү жоюу маселесине бир гана адабиятчыларыбызга түшкөн жүк катары кайдыгер карабастан мамлекеттик денгээлде, мурдагы совет доорундагы абалга салуу иши каралууга тийиш.

Адабияттар:

1. Alev Sinar, Yeni Türk Edebiyatı El Kitabı – ‘Türkiye’de Çocuk Edebiyatının Gelişimi’: Grafiker Yayınları: Ankara: 2007, s: 547.
2. Балдарга көңүл буралы. //Кызыл Кыргызстан, 13-март, 1935.
3. Балдарга көңүл бурулсун. //Ленинчил Жаш, 20-январь, 1940.
4. Сулайманов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. - Ош, 1992.
5. Түлөкабылов М. Кыргыз балдар адабияты. - Фрунзе, 1989.
6. Рысбаев С. Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер. - Бишкек, 1999.

[2]Alev Sinar, Yeni Türk Edebiyatı El Kitabı – ‘Türkiye’de Çocuk Edebiyatının Gelişimi’: Grafiker Yayınları: Ankara: 2007, s: 547.